12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталган Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациясы боюнча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперти юридика илимдеринин доктору, Аманалиев Урмат Олжобековичтин

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.**

«Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» темасынын үстүндө юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталып жаткан Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациясы Д.12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет. Диссертация Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө укугунун аспектилерин кылдаттык менен изилдеп үй-бүлөлүк укук менен байланышкан ченемдик-укуктук актыларды системалаштырып талдоо жүргүзгөн жана негизги конституциялык принциптерди аныктаган.

Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык укуктук ченемдерди кылдаттык менен карап, үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдардын мүнөздөмөсүн ачып бере алган.

**2. Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери:** Изденүүчү диссертациялык ишин изилдөөдө Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык укуктук негиздерин теориялык жактан иштеп чыгып бир топ практикалык сунуштамаларды келтирген. **Диссертациялык иште тиешелүү максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:**

1) үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык -укуктук ченемдердерди изилдөө жана талдоо;
2) үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;
3) үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объекти, предмети менен методдорун аныктап, мүнөздөмө берүү;
4) үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык – укуктук маанисине талдоо жүргүзүү;
5) үй-бүлөлүк укуктарды коргоо боюнча конституциялык принциптерге талдоо жүргүзүү;
6) үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктоо жана үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти ишке ашыруу механизминин негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык ишти изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлук укугунун конституциялык-укутук негиздери менен байланышкан коомдук мамилелер саналат жана бул диссертациянын максатына толук ылайык келет.

**Диссертациялык изилдөөнүн предметин** үй-бүлөлүк укуктун негизги категориялары менен түшүнүктөрү жана аларды иштеп чыгуудагы жана илимий талдоодогу теориялык көз-караштар жана позициялар, үй-бүлө укугунун институционалдык тутуму жана өзгөчөлүктөрү, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдары, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун теориясы жана практикалары түзгөн жана ар бир милдетти ишке ашыруу этабында туура колдонулуу менен изилденген.

**Изилдөө ыкмаларынын диссертациялык иштин маселелерине шайкеш келүүсү –** изденүүчү илимий ишке койулган милдеттердин алкагында үй-бүлө укугунун конституциялык укуктук негиздерин коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун илимий ыкмалар менен бирге жеке илимий ыкмаларды комплекстүү колдонуу. Айтсак, алардын ичинде жалпы илимий, формалдуу-логикалык ыкмалар, системдүү-түзүмдүк ыкмалар, салыштырма укуктук ыкмалар жана техникалык-юридикалык ыкмаларда колдонулган.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу доорунун илеби менен салттуу кыргыз коомуна терс таасирин тийгизип жаткан көрүнүштөр биринчи кезекте кыргыздын салттуу үй-бүлөлүк мамилелеринде да орун алып жатканы коом менен мамлекеттин алдындагы актуалдуу маселеге айланды. “Бир жыныстуу никелер”, ЛГБТ, трансгендердик идеология, гендер маселесиндеги аша чапкандыктар менен жат көрүнүштөр азыртадан коомубузда тынчсыздануууну пайда кылып жатат. Кыргыз Республикасы үй-бүлө жана аны менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуу максатында заманбап жана талапка ылайык Үй-бүлө мыйзамдарын жана тиешелүү мыйзамдык актыларды кабыл алып келет. кыргыз коомунун позитивдүү багытта өнүгүүсү үчүн, анын ичинде кыргыздын улут катары иденттүүлүгүн туюндуруучу улуу салт-санаа, үрп-адат, адеп-ахлагы менен руханий баалуулуктарын сактап калуу максатында, жогоруда белгиленген терс көрүнүштөрдүн тамырын кесүүгө багытталган иш-чараларды көрүү жана алардын ичинде тиешелүү мыйзамдарды кабыл алуу же аракеттеги үй-бүлөлүк мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү – бул мамлекеттик маселе. Демек коомдогу үй-бүлө менен байланышкан көйгөйлөр арбын.

Үй-бүлөлүк мамилелердеги мындай көйгөйлөрдү укуктук деңгээлде чечүүнүн өзү биринчи кезекте конституциялык-укуктук илимдин актуалдуу маселелеринин катарына кирээри талашсыз.

**3.Илимий натыйжалар.**

Изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасында үй-бүлө укуктук мамилелерди жөнгө салууну өнүктүрүүгө пайдалуу илимий жыйынтыктар

жана сунуштар берилген. Диссертациялык иштеги негизги илимий натыйжалар – үй-бүлө укугунун конституциялык-укуктук принциптерине талдоо жүргүзүлгөн; изилдөөдө үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы жат көрүнүштөрдүн улуттук денгээлдеги көйгөйгө айланышы, мисалы: бир жыныстуу никелер, гендердик аша чабуу ж.б.

Илимий эмгекте келтирилген сунуштар үй-бүлөлук мамилелерди жөнгө салуучу жаңы мыйзамдарды кабыл алууга же аракеттеги ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү толуктоолорду киргизүүгө өзүнүн салымын кошот.

**1-натыйжа.** Үй-бүлөлүк укуктарды камсыз кылган конституциялык-укуктук актылардын түрлөрүн аныктап, алардын артыкчылыктарын жана кемчилдиктерин талкуулаган. Ошондой эле бир катар юрист окумуштуулардын көз караштарына салыштыруу жүргузгөн.

**2-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган принциптерге жана тиешелүү мыйзамдын главасына, ар бир беренелерине токтолуп, жалпы мүнөздөмө берип, алардын маанисин мазмунун түшүндүрүп жыйнтыгында бул мыйзамдардын негизин принциптер менен ченемдер түзөт деген тыянак келген. Ошондой эле, айрым мыйзам ченемдерине жаны глава кабыл алынуусу керек экендигин сунуштаган.

**3-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык ишинин объектисин, предметин аларды изилдөөнүн теориялык жана практикалык ыкмаларына кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укук түшунүгунүн конституциялык-укуктук маанисин ачууда анын калыптануусунун тарыхына кайрылган. Ошондой эле, үй-бүлө укук мамилелеринин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери, мыйзамдуу кызыкчылыктары аталган укуктук тармактын өзөгүн түзгөндүктөн, үй-бүлөнү социалдык-куктук жактан камсыздөөнун жана коргоонун артыкчылыктуу шарттарын көрсөткөн. Ал: Кыргыз Республикасынын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: “*Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш*” деп эсептеген.

**5-натыйжа.** Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салууда жетишсиздиктер бар экендигин аныктаган б. а. зарыл жоболордун жоктугун белгилейт жана сунуш жасаган. Алсак, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүктү киргизүүнү сунуштайт: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш”, бул бөлүктү киргизүү менен үй-бүлө коомдун табигый жана негизги уюткусу катары ордун бекемдеген сунуштун негиздүүлүгүн ачып берген.

**6-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлө укугундагы жоопкерчилик институтун изилдеп жатып “*Үй-бүлөлүк укуктагы жоопкерчилик*” менен “*үй-бүлөлүк-*

*укуктук жоопкерчилик”* түшүнүктөрүнүн бирдей эместигин, анын тарыхый калыптанышын, түптөлүшүн караган жана үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин негизги максаттарын атап өткөн.

**3.1. Алынган жыйынтыктар илимий жаңылыгы менен юридикалык илимдин чегинде мүнөздөлөт.**

**1-натыйжа.** Илимий жыйынтык жаңы, себеби окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы конституцияны, мыйзамдарды карап чыгып, үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктамасын сунуштаган: *“Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери”.

**2-натыйжа.** Илимий жаңылык, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине жаңы глава балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо жөнүндө кабыл алып, анда балдарды адептүү, адилеттүү болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл экендигин белгилеген.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, изилдөөнүн методологиясы коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий методдору менен бирге жеке илимий методдорду комплекстүү колдонууда жатат.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Конституциянын 19-беренесине 4-бөлүмдү кирзизүүгө сунушталган “жарандардын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түүзүүгө тийиш” деген түшүнүк жаңы.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүмүнө: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш”деген ченемди киргизүүдө жатат.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы, үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин функцияларын комплекстүү ишке ашыруу гана үй-бүлө менен никенин гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат. Ал комплекстүү функциялар үй-бүлөлүк укук мамилелеринин конкреттүү субъектилеринин бузулган үй-бүлөлүк укуктарын калыбына келтирбестен, жетишилген натыйжаны *“бекитүүгө”* жардам берет жана калыбына келтирилген, *«жакшыртылган»* үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин мындан аркы иштешин улантууга багытталышы далилденгенде.

**3.2. Илимий натыйжалардын негиздүүлүгүн негиздөө**

**Диссертациялык иште формулировкаланган жыйынтыктар жана корутундулар жетиштүү түрдө негизделген**

**1-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, илимий көз караштa талданып, анын жаңылыгы аныкталды.

**2-натыйжа.** Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүүдө автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү

кодексине балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо тууралуу глава киргизүүнү сунуштаган.

**3-натыйжа.** Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда конституциялык – укуктук маанисин, алардын укуктук идеялык башатын конституциялык принциптер түзөөрү аныкталган жана алар автор тарабынан үч негизги блокко бириктирилип каралган.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укугунун түшүнүгүн изилдөөдө анын конституциялык – укуктук маанисине токтолуу менен үй-бүлө укуктук мамилелер коомдун өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири катары негизделген.

**5-натыйжа.** Изилдөөнүн негизинде азыркы учурдагы үй-бүлөлүк - укуктук жөнгө салууну коргоодо пайда болгон бир катар маселелерге талдоо жүргүзүү менен автор Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин 4-бөлүк менен толуктоо киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**6-натыйжа.** Үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилик маселелерин изилдөө менен автор анын негизги максаттарын үч топко бөлүү керектигин илимий жактан жетиштүү деңгээлде аныктаган.

**3.3. Диссертациянын теориялык мааниси.**

Изилденген илимий иш Кыргыз Республикасынын үй-бүлө укугунун конституциялык-укутук негиздерин өркүндөтүүгө, жакшыртууга, жаңы механизмдерди иштеп чыгууга маанилүү салым болуп саналат. Коомдун өнүгүшүндө үй-бүлө маанилүү ролдуу ээлейт, анын конституциялык – укуктук негиздерин изилдөө, талдоо чоң мааниге ээ. Изденүүчү теманын конституциялык жана укуктук аспектилерин толук изилдеп, принциптерге, ченемдик укуктук актыларга жана практикадагы көрүнүштөргө талдөө жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурган. Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонулушу мүмкүн.

**3.4. Кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине туура келүүсү**

Юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Мамашарип кызы Багдагүлдүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келип, диссертация берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 11-пунктунун талаптарын жооп берет. Диссертациялык илимий изилдөө иши жеке илимий иш, мазмуну квалификациялык белгилерге ылайык келип, илимий иште изилдөөнүн жакшы жетишкендиги боло алган жыйынтыктар берилди. Илимий иш мамлекеттик тилде берилгендиги илимий жааттагы жаңы муундун кыргыз тилдүү болуусуна түрткү боло алат.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси**

Диссертацияда камтылган жоболор жогорку окуу жайларында тиешелүү дисциплиналарды окутууда, ошондой эле конституциялык укук, үй-бүлө укугу сыяктуу курстарда, ошондой эле аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын, окуу усулдук пособияларды иштеп чыгууда колдонулат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана маселелерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүү:** Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн төмөнкүлөргө көңүл бөлүү абдан маанилүү:

1. Үй – бүлө маселесине кайрылып, андагы ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү жагдайларын көтөрүп жаткандан кийин кыргыз коммчулугундагы тарыхый – укуктук жактан каралуучу маселелерге дагы көбүрөөк басым жасалса;
2. Үй – бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салган мыйзамдарга карата берилип жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү эксперттик топтордун талкуусуна активдүү катышуу менен социологиялык сурамжылоолорду жүргүзүүгө көбүрөөк көңүл бурулса;
3. Жумуштагы стилистакалык жана граматикалык катарларды оңдоо сунушталмакчы.

**7. Сунуштар**. Б. Мамашарип кызынын кандидаттык диссертациясы боюнча дайындалсын:

- **жетектөөчү уюм** катары "Кыргызстан эл аралык университети" окуу-изилдөө-өндүрүштүк комплексин сунуштамакчыбыз (Бишкек ш., Лев Толстой көчөсү, 17а/1)
- **расмий оппонент** – юридика илимдеринин доктору (12.00.02), доцент Токтогулов Алмаз Асылбековичти.
- **расмий оппонент катары -** юридика илимдеринин кандидаты (12.00.02) Рахманов Асылбек Рахмановичти.

**8. Сунуштар.** Диссертациялык кеңешке коргоого сунушталат. Мындан ары бул багыттагы ишти улантып үй-бүлөлүк укук системасын алдыга жылдыруу максатында иштелип чыккан сунуштардын негизинде тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү боюнча активдүү иш алып баруусу сунушталат.

**9. Корутунду.** Изденүүчү тарабынан алынган тыянактар жана натыйжалар баптар менен бөлүмдөрдүн мазмуну бирдиктүүлүк, ырааттуулук менен берилген. Изилдөө иши компетенттүү аныкталып, иштин максаттары жана чечүүчү негизги милдеттеринин өз ара байланыштар, ички биримдиги ireеттүүлүк менен түзүлгөн. Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун үй-бүлө укук системасындагы актуалдуулугу, автордун ишинде алдын ала берилип, изилдөөнүн негизинде тастыкталып жана илимий макалаларында басылып чыккан.

Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун жаңылык даражасы – илимий ишите укуктук мамлекетти, жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин ачуу менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлүп, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталган. Ошондой эле үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү сунуштары берилген.

**10.** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперттик мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Аманалиев Урмат Олжобекович “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” атындагы Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациялык ишин

12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын жактоого алуусун сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
**юридика илимдеринин доктору,**
**доцент** **Аманалиев У.О.**

“_17_” ____12____ 2024-ж.

Кол тамгасын тастыктайм:

Окум. катчы Согоналиева В.Ш.

Кол тамгасын тастыктайм

КБ башчысы Н.Т. Курманова